УДК: 811.11-112

Давлетов М.С.
КР Улуттук илимдер академиясынын
Тил жана адабият институту
ага илимий кызматкер

КОТОРМО КЫРГЫЗЧА ТЕРМИН ЖАСООНУН ЫКМАСЫ КАТАРЫ

Учурда кыргыз тилинде терминдерди жасоо, кайра карап чыгуу жана тактоо жигердүү жүрүп жатат. Терминдер тилдин жалпы сөздүк коруна киргени менен, атайын, адистештирилген лексикалык бирдиктер болуп, өз өзгөчөлүктөрүнө ээ. Термин жасоонун кеңири колдонулган жолдорунун бири – котормо. Термин которууда алардын төмөнкүдөй касиеттери менен талаптарын эске алуу абзел: термин-сөздөр өз алдынча эмес, термин системанын курамында өкүм сүрөт, семантикалык жактан терминдер так жана бир маанилүү болууга, ар кайсы тил чөйрөлөрү менен адистик тармактарында бирдей түшүнүк -маани берүүгө, б.а., унификацияланууга (бирдейлештирилүүгө) тийиш ж.б.

Негизги сөздөр: *термин, котормо, терминдердин системдүүлүгү, бир маанилүүлүгү, тактыгы жана бирдейлештирилгени.*

В настоящее время в кыргызском языке идет активный процесс создания, ревизии и уточнения терминов. Входя в общий лексический фонд языка, термины, тем не менее, будучи особыми, специализированными лексическими единицами, обладают своими особенностями. Перевод – один из способов терминообразования. При переводе терминов следует учитывать такие их свойства и требования к ним: слова-термины существуют не обособленно, а в составе терминосистемы, с семантической стороны термины должны быть точными и однозначными, в разных сферах языка и специальных отраслях они должны передавать одинаковые значения-понятия, т.п. быть унифицированы.

Ключевые слова: *термин, перевод, системность, моносемия, точность и унифицированность терминологии.*

Nowadays in Kyrgyz language an accelerated process of creating new terms, revising and clarifying current ones is going on. Though terms are included in the general lexicon, as very specialized lexical units, they differ from the other words in the language. One of the most common ways of making terms is translation. While translating terms it worthies to take into consideration such qualities and requirements terms have: terms do not exist separately but only as a part of terminological system, semantically terms are to be accurate and have only one meaning, being used in various areas of language and special fields they still need to communicate the same meaning-concept etc.

Key words: *term, translation, systemacy, monosemy, accuracy and unification of termnilogy.*

Бүгүнкү күндө кыргыз тили мурда болуп көрбөгөндөй дүркүрөп өнүгө баштады десек, жаңылышпайбыз. Өлкөбүздөгү экономикалык кыйынчылыктарга, илим-билим чөйрөсүндө каражаттардын тартыштыгына карабай, кыргыз тили жаатында көптөгөн илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыргыз тили маселелерине арналган көп сандаган макалалар, китептер жарык көрүүдө. Мындай жагдайдын негизги себептеринин бири – тилибиздин жаңы даражага ээ болуп, мурункудан кеңири колдонулуп жаткандыгында. Ошондон улам, бир чети, коомдук жашоо менен илимдин ар кайсы тармактарында иштеген адистер үчүн, бир чети, кыргыз тилин изилдеп-өнүктүрүүнүн үстүндө эмгектенген тил адистери үчүн кыргыз тили жаңы шартта өзүнүн жаңы милдеттерин аткара алгандай кылып анын сөз байлыгын, эң алды – терминдер корун өстүрүп, кыргызча жаңы аталыштарды колдонууга киргизүү зарылчылыгы пайда болду. Совет мезгилинде коомдук колдонулушу чектелген кыргыз тилинде кыргызча атайын аталыштар жагынан чоң тартыштык болгондуктан, аталган жетишсиздикти, колдон келишинче, тез арада толтуруу керек эле. Ал эми термин жаратуунун эң ылдам натыйжа берген жолу болуп котормо ыкмасы эсептелет.

Адистештирилген чөйрөлөр үчүн аталыштарды жаратуу үчүн дал ушул – котормо жолунун тандалышы бекер эмес. Ар башка тилдердеги илимий түшүнүктөр системалары менен аларды билдирген терминдер системаларынын ортосунда окшоштуктар да,

айырмачылыктар да болушу мүмкүн. Албетте, мында түшүнүктөр системалары эң маанилүү: бул системалар, бир жагынан, тилдин өнүгүүсү, тилдик өзгөчөлүктөр менен шартталса, экинчи жагынан, илимий изилдөөлөрдүн, илимий пикир алышуулардын натыйжасында калыптанат. Бул жагынан алганда, совет мезгилинде республикалардын илимий мектептери бир жалпы советтик илимий чөйрөгө киргендиктен, атайын түшүнүктөр системалары жана совет элдеринин тилдериндеги терминдер системалары көп жагынан бири-бирине жакын, окшош, ал турсун бирдей да болгон. Ошондуктан терминдер көп учурда тилден тилге, эң алды – орус тилинен башка тилдерге которулган [6, 39-42].

Котормо – термин жаратуунун негизги ыкмаларынын бири. Жогоруда айтылгандай, атайын аталыштарды тилден тилге түз которуу, ошондой аталыштарды башка тилден өзгөртпөй өздөштүрүү менен катар, термин жасоонун ыкчам, эң жөнөкөй жолу болуп эсептелет. Котормо, тигил же бул деңгээлде, калькалоо учурунда гана эмес, түшүнүктүн жаңы аталышын анын түпкү маанисине таянып жасоо учурунда да орун алат.

Терминдерди которууда адекваттуу, далма-дал которуу маселеси келип чыгат. В.М. Лейчик жана С.Д. Шелов терминдерди которууда аткарыла турган төмөнкүдөй талаптарды белгилешкен: 1) ар бир өз алдынча алынган термин туура, так которулууга, 2) котормодо терминдин системалык өзгөчөлүктөрү эске алынууга, 3) терминдер системасы дүйнөнүн улуттук-тилдик сүрөттөлүшүн эске алууга тийиш [6, 40-43].

Термин жасоонун ыкмасы катары котормонун артыкчылыктары да, кыйынчылыктары да бар. Артыкчылыктардын экөө жогору жакта эскертилип кетти: бул ыкчамдык жана жөнөкөйлүк. Артыкчылыктар да, кыйынчылыктар да, бир чети, котормо жараянынын, бир чети, тилдик бирдиктер катары терминдердин табияты менен өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Ошондуктан адегенде терминдердин тилдик касиеттерин кароодон баштаган туура болот.

Жогоруда ар бир терминдин котормосу туура, так болушу керек деп айтылган. Бул, эң алды, терминдердин семантикалык жагына тийиштүү. Өз табияты боюнча, терминдер, бир чети, лексикалык бирдик катары семантикалык жактан калган сөздөргө окшош болсо, бир чети, илимдин же атайын ишмердүүлүк чөйрөсүнүн тил бирдиги катары алардан кескин айырмаланат. А.А.Реформатский жазгандай, “сөздөр жыйындысы катары, терминология – ‘эки кожоюндун малайы’: лексика системасынын жана илимий түшүнүктөр системасынын” [11, 122]. Терминдердин бул өзгөчөлүгү лингвистикада эки башка пикирдин калыптанышына алып келди: бир окумуштуулар терминдерди өзгөчө сөздөр катары көрүшсө, башкалары аларды жалпы сөздүк кордун тутумунан карашып, алардын өзгөчөлүгү гана бар экенин белгилешет [10, 1-2]. Бул жагынан алганда, биз Г.О.Винокурдун: “терминдер – бул өзгөчө сөздөр эмес, бул жөн гана өзгөчө функциясы бар сөздөр” [3, 56] – деген оюна кошулабыз.

Ар бир атайын чөйрөнүн өзүнүн өзгөчө, адистештирилген, же, Е.Н.Дубровский айткандай, “тарытылган” тили калыптанат [2, 20]. Мындай “тарытылган” тил илимдин же ишмердүүлүктүн ошол чөйрөсүн гана тейлеп, андагы тилдик бирдиктер да жалпы тилдеги бирдиктерден айырмаланып, көбүнесе адистештирилген, тар, жалгыз мааниге ээ болот. Ошондой бирдиктер катары, терминдер, Г.О.Винокур белгилегендей, кадыресе сөздөрдөй буюмдарды эмес, атайын чөйрөдөгү түшүнүктөрдү билдирет [3, 56]. Атайын тилдеги сөздөрдүн түшүнүк-маанилерин ошол чөйрөдө иштеген адистер гана түшүнүшү да мүмкүн. Терминдердин дал ушул көпчүлүк учурдагы бир маанилүүлүгү атайын тилдин тактыгын, таамайлыгын камсыз кылат.

Андай болсо, терминди которуу ыкмасын колдонуу менен термин жасап жаткан адистин котормо тилинде термин катары колдонулган сөздүн адепки лексикалык маанисин эмес, анын артында турган түшүнүктү билдирүү керектигин унутпаганы ылаазым. Дал ушул себептүү термин жасоо көп кырдуу, комплекстүү иш болуп эсептелет. Бир жагынан,

ага тийиштүү илимий же коомдук чөйрөдө эмгектенип, ошол чөйрөнүн түшүнүктөр системасын, ар бир түшүнүктүн андан алган ордун, башка түшүнүктөр менен болгон байланышын билген адис, экинчи жагынан, тилдин табиятын жакшы түшүнгөн, тилдик бирдиктер катары терминдердин өзгөчөлүктөрүн билген тилчи катышканы абзел. Аталган эки тараптын биргелешкен аракеттери гана жакшы натыйжа бере алат.

Жогоруда айтылган талапты эске алып, термин жасоодо котормо ыкмасы колдонулуп жатканда эске алына турган маанилүү бир нерсе – терминдер билдирген түшүнүктөр коомдун, илимдин өнүгүшүндө өзгөрүп, такталып, ал турсун таптакыр башка дагы болуп кетиши мүмкүн. Ошондо адеп терминдин негизине жаткан маани менен ал билдирген түшүнүк бири-бирине дал келбей калат. Эгерде мындай айырмачылык абдан чоң болуп кетсе, Д.С.Лотте жазгандай, “сөздүн түзмө-түз маанисинин жана [ал билдирген] түшүнүктүн мазмунунун ортосунда айрым учурларда карама-каршылык пайда болот” [8, 11]. Терминдин “ички формасы” (баштапкы лексикалык мааниси) менен терминологиялык түшүнүк-мааниси бири-бирине карама-каршы болуп калган бул сыяктуу учурларды Д.С.Лотте терминологиянын кемчиликтеринин бири катары карайт. Ушундай жагдайда бөтөн тилдеги терминдин алгачкы мааниси которулганда, тилде пайда болгон которулган жаңы терминге “бузулган” маани ыйгарылып калат. Буга мисал катары *компьютер* деген терминди келтирсе болот. Ал башында *compute* ‘эсептөө’ деген сөздөн жасалган. Бирок азыр, компьютердик техника менен технологиялар аябагандай тез өнүккөндөн кийин, бул түшүнүктүн мааниси жөн гана *эсептөөдөн* алда канча кеңейип кеткен. Билим алгалап, кеңейип, тереңдеген сайын эле терминдер, албетте, өзгөртүлө же алмаштырыла бербейт. Бирок ошол эле түшүнүк кайсы бир тилде биринчи жолу берилип жатканда, жаңы терминде илим менен коомдук жашоонун учурдагы жетишкендиктери, түшүнүктүн учурдагы семантикалык мазмуну эсепке алынышы керек.

Компьютер терминин кыргызчалоо аракетинде айрым “термин жаратуучулар” анын ордуна *эсепкер* терминин сунуш кылып жатышат. Бул жерден котормодо термин билдирген түшүнүккө эмес, терминдешкен сөздүн түпкү лексикалык маанисине кайрылуу орун алганы көрүнүп турат. Мындай аталыш түшүнүктү туура чагылдырбайт, аны колдонгон адамга туура багыт бербейт. *Эсепкер* деген сөз компьютерден көрө, калькулятордун элесин жаратат. Демек, аны ылайыктуу, жөндүү термин катары кабыл алууга болбойт.

Ушул эле түшүнүктү эң сонун, элестүү жол менен берүүгө еврей тилинде жетишишкен. Еврейче компьютерди *махшев* деп аташат, ал *хошев* ‘ойлоо’ деген сөздөн жасалган, тагыраак айтканда, аларда компьютер ‘эсептөөчү’ эмес, ‘ойлоочу’ машина. Компьютер жүргүзгөн операциялар, чындыгында, адамдын ой жүгүртүү аракеттерине окшоп, бизди алардын көбүн өз алдынча жасоодон бошотот.

Жогорудагы мисалда терминдин ички формасы, албетте, түшүнүктүн бардык жактарын чагылдырган жок, бул мүмкүн да эмес. Ошондой болуш үчүн түшүнүктү ар кайсы жактан сыпаттаган, татаал, курама терминди колдонууга туура келмек. Бирок терминдин узундугу – бул терминологиянын Д.С.Лотте айтып кеткен дагы бир кемчилиги [8, 12]. Узун терминди колдонуу ыңгайсыз, аны эстеп калуу, кеп жараянында өзгөртүү, андан жаңы, туунду терминдерди жасоо кыйын. Анын үстүнө мындай терминди колдонууда ойду, кепти үнөмдөө механизми иштеп, ал акыры барып, баары бир кыскарып кетиши мүмкүн.

Терминди котормо жолу менен жаратууда түп нуска аталыштын семантикасын туура аныктап алуунун канчалык маанилүү экенин көрсөткөн дагы бир мисалды келтирели. Табигый илимдерде (география, геология, физикада) деңиздеги агымдардын бир түрүн билдирип, орусча *поверхностные течения* деген термин менен берилген түшүнүк бар. Аныктамасына ылайык, бул термин ‘суунун үстүнкү катмарындагы агымдар’ түшүнүгүн берет. Кыргыз тилинде ал *беттик агымдар* деп которулуп жүрөт. Бул термин аталган түшүнүктү так чагылдырат деп айтыш кыйын. Ал *беттик тартылуу* (*поверхностное*

натяжение) термининин үлгүсү менен жасалган болушу керек. Бирок *беттик тартылуу* чындыгында эле суунун сырткы бетинен орун алган кубулуш болсо [14, 17], деңиз агымдарынын жогору жакта каралган түрү сунун бетинде эмес, суунун бетине жакын жайгашат. Башкача айтканда, бул учурда орус тилиндеги *поверхностный* деген сөздүн мааниси кыргыз тилиндеги ‘үстүнкү’ же ‘терең эмес’, ‘тайкы’ деген маанилерге туура келет. Ошентип, сырткы форманын окшоштугун сактоо, ошол аркылуу терминдерди байланыштыруу аракетинин натыйжасында терминдин ички формасы – семантикасы өзүнүн тактыгын жоготкон.

Өзгөчө лексикалык бирдиктер катары, терминдер өз алдынча өкүм сүргөн, чачкын түшүнүк-маанилерди билдирбейт. Терминдердин артында турган маанилер чогулуп келип, өздөрү тейлеген тармактын бир бүтүн түшүнүктөр системасын түзөт. Ошол түшүнүктөрдүн ар биринин өзүнүн орду, башка түшүнүктөр менен болгон иреттүү байланыштары бар. Сигнификат катары, алардын өз ара мамилелери алар колдонулган тармактагы денотат-кубулуштардын байланыштарын чагылдырып турат. Демек, терминдин да, андагы маанинин да өтө маанилүү бир касиети – анын системалуулугу.

“...системалуулук терминдин эң маанилүү өкүм сүрүү шарттарынын бири болуп эсептелет, – дейт Т.Р.Кияк. – Эгерде терминдер системасын адам билиминин же иш-аракетинин белгилүү бир атайын чөйрөсүн сыпаттаган теориянын түшүнүктөр системасын туура чагылдырган терминдердин иретке салынган жыйындысы катары түшүнсө, термин ошонун элементи катары гана өкүм сүрөт алат” [5, 7]. Ушул эле ойду өз кезегинде Д.С.Лотте да айткан. “Илимий терминология, – деп жазган ал, – сөздөрдүн жөнөкөй жыйындысы эмес, сөздөр менен сөз айкаштарынын белгилүү бир түрдө өз ара байланышкан системасы болууга тийиш” [9, 72-73]. Атайын аталыштар катары терминдер ошол эле системага кирген башка терминдер менен ажырагыс байланышта болгону, тилдин жалпы сөздүк коруна түздөн-түз эмес, өздөрү таандык болгон терминдер системасы аркылуу кирери көптөгөн эмгектерде да, терминдин сөздүктөгү аныктамасында да баса белгиленет [мисалы: 1, 2; 6, 2; 7, 508].

Бул жагынан алганда, башка тилдеги терминдин артыкчылыгы – колдонулуу тажрыйбасында мааниси такталып, системалык байланыштары калыптанып калгандыгында. Терминдер бир-бирден эмес, топ-топ болуп которулганда, аталган өзгөчөлүктөр бир тилден башка тилге өтүшү мүмкүн. Өзгөчө мындай мүмкүнчүлүк илимий байланыштары тыгыз болуп, көп терминдери окшош тилдерде пайдаланылышы керек. “Ар башка тилдердин терминдер системалары орток же гармониялаштырылган учурларда, – деп жазышат В.М.Лейчик жана С.Д.Шелов, – терминдерди системалуу түрдө которуу иши кыйла жеңилдейт” [6, 42]. Мунун эң жакшы үлгүсүн мурдагы советтик республикалардагы тилдерден көрсө болот.

Терминдердин системалык байланыштары эсепке алынбай, сакталбай калган учурлардын үлгүсүн химиялык терминологиядан келтирип кетели. Химияда, мисалы, төмөнкүдөй орусча терминдер бар: *углерод, углевод, кислород, кислота*. Биринчи жана экинчи термин, үчүнчү жана төртүнчү термин бирдей уңгудан жасалганын, биринчи жуп терминдердин курамында *көмүр* деген түшүнүк, экинчи жуп терминдердин тутумунда *кычкыл* деген түшүнүк бар болгону айдан ачык көрүнүп турат. Ошого карабастан, аталган терминдердин биринчиси менен үчүнчүсү кыргыз тилине *көмүртек* жана *кычкылтек* деп которулса, экинчиси менен үчүнчүсү көп жылдар бою орус тилинде кандай болсо, кыргызча да дал ошондой, өзгөрбөгөн *углевод* жана *кислота* формасында колдонулуп келген.

“Терминдер системасынын лингвистикалык системалуулугу (байланыштуулугу), – дейт В.М.Лейчик, – бир классификациялык деңгээлге караштуу, терминдер системасынын ичинде жалпы белгилер аркылуу биригишкен түшүнүктөрдү билдирүү үчүн бирдей морфемаларды, сөздөрдү жана сөз айкаштарын колдонуудан турат: ага [системалуулукка]

терминдик элементтеринин формасында түшүнүктөрдүн өз ара байланышы чагылдырылган терминдерди тандоо менен жетишсе болот [4, 27].

Терминдердин системалык карым-катышы бузулган дагы бир учур физикада электр талаасына тийиштүү, орусча *напряжение* жана *напряженность* деген терминдер менен берилген түшүнүктөргө байланыштуу. Физика боюнча терминдердин түшүндүрмө сөздүгүндө алардын биринчиси *чыңалуу*, экинчиси *чыңалыш* деп берилген [14, 176]. Терминдердин түзүлүшүн талдап көрсөк, алар *чыңал* негизинен *-уу* жана *-ыш* мүчөлөрүнүн жардамы менен жасалган. Бирок *-уу* жана *-ыш* мүчөлөрү кыргыз тилинде мааниси жагынан бирдей болуп, көп учурда бири-бирин алмаштырып турат. Башкача айтканда, бул эки терминдин ортосунда паронимия мамилеси пайда болгон. Демек, ички формасы жагынан *чыңалуу* жана *чыңалыш* терминдери да бири-биринен анча айырмаланбайт десе болот. Бул болсо алардын тактыгын да бузуп, өз ара катышын да туура чагылдырбайт. Ырас, аталган мүчөлөрдүн жардамы менен жасалган ар башка сөздөр бар: мисалы, *чыгуу* ‘имараттан чыгуучу жер’ жана *чыгыш* ‘күн чыккан тарап’. Бирок акыркы эки термин тийиштүү болгон системалар таптакыр башка болгондуктан аларды колдонууда бири-биринен ажыратуу кыйынчылык туудурбайт.

Орус тилиндеги *напряжение* жана *напряженность* деген терминдерди которууда адистер алардын сөз жасоо семантикасына көңүл бурушса жакшы болмок. Мында *напряженность* деген зат атооч *напряженный* деген сын атоочтон жасалган. Эки сөз тең электр же электр-магнит талаасынын *чыңалуу* абалына байланыштуу касиетин билдирет. Кыргыз тилинде да негиз катары *чыңалган* сын атоочун алып, андан – *напряженность* сөзүнүн эквиваленти катары – *чыңалгандык* формасында жасалган терминди колдонууга болот. Орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүктө да *напряженность* кыргызча *чыңалуучулук, чыңалгандык* деп берилген [13, 388][1].

Бирок терминдердин системалык топторун бир тилден башка тилге өзүндөй кылып которуу бардык эле учурда иш жүзүнө аша бербейт. Чындыгында, мунун толук кажети да жок. Жаңы аталыш жаралып жаткан тилде, бир чети, мурда эле пайда болгон аталыштар өкүм сүрүп, бир чети, илимий аталыштар менен кадыресе сөздөр бири-бири менен карым-катнашка кирип, ар бир тилдин бул жагынан өзүнө гана таандык семантикалык бөтөнчүлүктөрү, системалык мамилелери бар. Муну эсепке албай коюу так эмес, натуура терминдин жасалышына алып келет.

Мисалы, азыркы мезгилде орусча *на душу, подушевой* деген терминдердин кыргызча *жан башына* деп берилген котормосун көп учуратса болот. Ал расмий документтерде да колдонулуп, кийинки мезгилде чыгарылган сөздүктөргө да кирип кеткен [караңыз: 15, 230]. Мындай котормону так, туура деп айтууга болбойт. Анда, бир чети, орус термининдеги *душа* ‘жан’ элементин сактап калууга, бир чети, кыргыз тилинде жандуу нерселерди эсептөөдө салттуу болгон *баш* сөзүн колдонуу аракети көрүнүп турат. Натыйжада, “аргындашкан” *жан башына* термини пайда болгон. Аталган терминдин уккулуктуу эместигин айтпай эле койсо болот. Кыргыз тилинде ошол эле түшүнүктүн нак өзүн берген нукура кыргызча *киши башына* деген сөз тизмеги бар. Демек, *на душу населения* дегенди *калктын киши башына, подушевое финансирование* дегенди *киши башына каржылоо* деп эле которгон туура болот. Муну кайра эле жакында чыккан орусча-кыргызча сөздүктүн акыркы басылышы айгинелеп турат. Анда *подушевой* термининин синоними болгон *душевой* термини кыргызча *киши башына туура келе турган, киши башына бериле турган* деп чечмеленип, *душевое распределение доходов* деген сөз айкашы *кирешени киши башына бөлүштүрүү* деп которулган [караңыз: 12, 507].

[1] Бирок ошол эле «Орусча-кыргызча сөздүктө” *напряженность* жана *напряжение* терминдери чаташтырылып, *напряженность магнитного поля* деген сөз түрмөгү *магнит талаасынын чыңалуусу* деп берилип калган [13, 388].

Кыргыз тилинде салттуу аталыштар бар экендиги эсепке алынбаган учурлар аз эмес. Мисалы, тамак-аш өндүрүшүндө *каймак май, өсүмдүк майы* сыяктуу орус тилинен сөзмө-сөз которулган терминдик аталыштар колдонулуп жүрөт. Бирок илгертен кыргызча биринчисин *жууган май* же *ак май* (*сары майдан* айырмалуу), экинчисин *суу май* деп атап келишкен. Ошондой эле үй курулушунда *конок бөлмө, жатак бөлмө* деген сыяктуу жасалма аталыштар жайылып кетти. Бирок мурда үйдүн ошол эле бөлүмдөрүн *төркү үй, ички үй* дешчү. Биологиялык басылмалардан айрым учурларда *баш мээ* деп жазылганын учуратса болот. Бирок кыргызча бир элементтен турган *мээ* деген аталыш орустун *головной мозг* деген курама терминине дал келип, аны менен катар өкүм сүргөн *спинной мозг, костный мозг* деген түшүнүктөр өзүнчө *жүлүн, чучук* деген аталыштар менен берилет. Көрүнүп тургандай, мындай учурларда котормо ыкмасын колдонордон мурда кыргыз тилинин өзүндө ошол түшүнүктөрдү берген сөздөр бар же жок экендигин, бар болсо, анын өзгөчөлүктөрүн иликтеп, андан кийин гана кандай термин жана кандай колдонулары туурасында чечим чыгарылышы керек.

Өйдө жакта кеп болгон талап эске алынган учурдун мисалдары катары *туберкулез* терминининин ордуна *кургак учук, малярия* терминининин ордуна *безгек* ж.б.у.с. колдонулуп жүргөнүн айтса болот.

Катачылыктар татаал, же курама терминдерди которуудан да кетет. Мындай учурда терминдин түп нускадагы түзүлүшү экинчи тилге кирип кетиши мүмкүн. Математика боюнча окуу китептеринде *бир белгисиз менен теңдеме* сыяктуу терминдик сөз айкаштар колдонулганын көрсө болот. Келтирилген сөз тизмеги – орустун *уравнение с одним неизвестным* деген татаал аталыштын сөзмө-сөз котормосу. Анын туура которулушу *бир белгисиздүү теңдеме* болушу керек эле.

Терминдер жалпы тил системасынын бир бөлүгү болсо да, алардын өздөрүнө гана мүнөздүү бөтөнчөлүктөрү, өзгөчө табияты бар. Жаңы терминдерди жаратуу ар тараптуу билимди, кунт коюп изилдөөнү, ар түрдүү адистердин катышуусун талап кылган татаал иш. Котормо болсо атайын аталыштарды жасоонун бир гана ыкмасы. Терминдер кандай гана жол менен жасалбасын, бул ишти жүргүзүүдө жогоруда айтылгандарды унутпай, эске алган абзел.

Адабияттар:

1. Городецкий Б.Ю. Термин как семантический феномен (в контексте переводческой лексиграфии). Алынды: http: //www.dialog-21.ru /dialog2006 /materials/pdf /GorodetskiyB.pdf
2. Дубровский Е.Н. Информационно-обменные процессы – факторы социального развития. –М: Союз, 1996.
3. Винокур Г.О. О некоторых явлениях словообразования в русской технической терминологии. //Труды МИИФЛИ. Т.5. –М., 1939.
4. Квитко И.С., Лейчик В.М., Кабанцев Г.Г. Терминоведческие проблемы редактирования. –Львов: Вища школа, 1986.
5. Кияк Т.Р. Лингвистические аспекты терминоведения: Учебное пособие. – Киев: УМК ВО, 1989.
6. Лейчик В.М., Шелов С.Д. Лингвистические проблемы терминологии и научно-технический перевод. Ч. 2. –М.: Всесоюзный центр переводов научно-технической литературы и документации, 1990.
7. Лингвистический энциклопедический словарь / гл. ред. В.Н. Ярцева. 2-е изд., доп. – М.: Большая российская энциклопедия, 2002.
8. Лотте Д.С. Как работать над терминологией: Основы и методы. –М.: Наука, 1968.
9. Лотте Д.С. Основы построения научно-технической терминологии: Вопросы теории и методики. – М.: Изд-во АН СССР, 1961.

10. Орлова М.В. Теоретическое обоснование термина как языкового явления. Алынды: http://www.scientific-notes.ru/pdf/013-8.pdf
11. Реформатский А.А. Термин как член лексической системы языка // Проблемы структурной лингвистики. – М., 1967. – 103-125-б.б.
12. Русско-кыргызский словарь – Орусча-кыргызча сөздүк: том I. –Б.: Avrasya press, 2012.
13. Русско-кыргызский словарь – Орусча-кыргызча сөздүк: том II. –Б.: Avrasya press, 2012.
14. Физика: Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү / Башкы ред. Ү.Асанов. –Б.: Мамлекеттик тил жана Энциклопедия борбору, 2003.
15. Юридикалык атоолордун жана башка түшүнүктөрдүн орусча-кыргызча сөздүгү. – Б.: Турар, 2014.